Мекендешим

# ~~АМАН КЕЛ~~

исп. Захарова Гульнара

с. Жылдызбек Турсунбаев
о. Аскар Карыбаев

Тапталып тагдыр салган жарыштарда,
Тартылып үйдө жанган жарык шамга.
Жүгүрүп, жан багамдеп, мээнет кылып,
Жүрөсүң мигрант болуп алыстарда.

КАЙЫРМА:
*Турмуш деп азап тартып чет элдесиң,*
*Тууруңду жаратканым бекемдесин!*
*Ата-эне, балдарың бүт сени күтөт,*
*Аман кел туулган жерге мекендешим!*

Жанчылып барга-жокко кабыласың,
Жабыгып жакындарды сагынасың.
Кубанып бир жылда бир келесиң да,
Кайра эле кетүү үчүн камынасың.

КАЙЫРМА:

Кубалап жашоонун сур булуттарын,
Кайырлуу жылдар барын унутпагын.
Көрөсүң өлкөң өсөөр мезгил келет,
Көңүлдөн өчүрбөсөң үмүт шамын!

КАЙЫРМА: